№ 5387-ФХД/21 20.12.2021

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2021-жылдын 17-декабрындагы №2 протокол) «ОшМУда 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деп аталган №2 маселени бекитүү боюнча **буйрук кылам:**

1. Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыкованын ОшМУда 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер боюнча билдирүүсү канааттандыраарлык деп эсептелсин.
2. Студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмдары менен биргеликте факультеттерде жана колледждерде кесипке багытталган, ишкердикке үйрөткөн, акыл эмгегинин маданиятын жогорулатууга арналган иш-чараларды уюштуруусу күчөтүлсүн.
3. Мобилдүүлүк менен келген студенттер үчүн жергиликтүү элдин, университеттин маданиятын, салтын, баалуулуктарын, искусствосун тааныштыруу максатындагы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү тиешелүү факультеттерде жана колледждерде ишке ашырылсын.
4. Тайпаларда өткөрүлүүчү кураторлук сааттар KelBil программасы аркылуу тайпанын сабактарынын электрондук жадыбалына коюлсун. Деканат, ОИД тарабынан башка сабактардын катарында кураторлук сааттардын өз убагында, үзгүлтүксүз өтүлүшү көзөмөлдөнсүн.
5. ОшМУнун жатаканаларында тарбиялык иштердин уюштурулушуна жана жүргүзүлүшүнө мониторинг жүргүзүү боюнча атайын комиссия түзүлүп, иш алып барсын.
6. Жатакананын коменданты кызматына педагогикалык квалификация бар адистер алынсын. Педагогикалык квалификациясы бар комендanttар педагогиканын жана психологиянын негиздери, тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн негиздери боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарынан өткөрүлсүн.
7. Буга чейин жетекчиликке алынып, колдонулуп келген ОшМУнун жатаканалары жөнүндөгү жоболор инвентаризацияланып, жалпы бир документке чогултулуп, зарылчылыкка жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор кийирилип “Ош мамлекеттик университетинин жатаканалардагы студенттерди өнүктүрүү саясаты” деген документи иштелип чыксын. Бул документтин максаты жана мазмуну ОшМУнун жатаканаларында студенттердин жагымдуу, коопсуз шартта жашоосун, сабактан сырткары өз алдынча өнүгүүсүн, туура жүрүм-турумун камсыздоо болуп эсептелсин.
8. ОшМУнун студенттик ашканаларындагы тамактануу жана тамак даярдоо үчүн түзүлгөн шарттар, тазалык, тамак-аштардын баасы боюнча тиешелүү структуралар менен биргеликте мониторинг жүргүзүп, жакшыртуу сунуштары университеттин ректоруна берилсин.
9. Бул чечимдердин аткарылышын камсыздоо тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлдөө студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыковага жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №2 жыйынынын**

**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Күн тартиби:**

**ОшМУда 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер**

**Угулду:** ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Ж.А. Артыкова «ОшМУда 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деп аталган №2 маселе менен тааныштырды.

**Чечим:**

1. Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыкованын ОшМУда 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер боюнча билдирүүсү канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмдары менен биргеликте факультеттерде жана колледждерде кесипке багытталган, ишкердикке үйрөткөн, акыл эмгегинин маданиятын жогорулатууга арналган иш-чараларды уюштуруусу күчөтүлсүн.
3. Мобилдүүлүк менен келген студенттер үчүн жергиликтүү элдин, университеттин маданиятын, салтын, баалуулуктарын, искусствосун тааныштыруу максатындагы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү тиешелүү факультеттерде жана колледждерде ишке ашырылсын.
4. Тайпаларда өткөрүлүүчү кураторлук сааттар KelBil программасы аркылуу тайпанын сабактарынын электрондук жадыбалына коюлсун. Деканат, ОИД тарабынан башка сабактардын катарында кураторлук сааттардын өз убагында, үзгүлтүксүз өтүлүшү көзөмөлдөнсүн.
5. ОшМУнун жатаканаларында тарбиялык иштердин уюштурулушуна жана жүргүзүлүшүнө мониторинг жүргүзүү боюнча атайын комиссия түзүлүп, иш алып барсын.
6. Жатакананын коменданты кызматына педагогикалык квалификация бар адистер алынсын. Педагогикалык квалификациясы бар коменданттар педагогиканын жана психологиянын негиздери, тарбиялык иштерди жургүзүүнүн негиздери боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарынан өткөрүлсүн.
7. Буга чейин жетекчиликке алынып, колдонулуп келген ОшМУнун жатаканалары жөнүндөгү жоболор инвентаризацияланып, жалпы бир документке чогултулуп, зарылчылыкка жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор кийирилип “Ош мамлекеттик университетинин жатаканалардагы студенттерди өнүктүрүү саясаты” деген документи иштелип чыксын. Бул документтин максаты жана мазмуну ОшМУнун жатаканаларында студенттердин жагымдуу, коопсуз шартта жашоосун, сабактан сырткары өз алдынча өнүгүүсүн, туура жүрүм-турумун камсыздоо болуп эсептелсин.
8. ОшМУнун студенттик ашканаларындагы тамактануу жана тамак даярдоо үчүн түзүлгөн шарттар, тазалык, тамак-аштардын баасы боюнча тиешелүү структуралар менен биргеликте мониторинг жүргүзүп, жакшыртуу сунуштары университеттин ректоруна берилсин.

9. Бул чечимдердин аткарылышын камсыздоо тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлдөө студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыковага жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор** **К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**